# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН 2023-2024-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ОКУУ-ТАРБИЯ ИШТЕРИНДЕГИ ПРОБЛЕМАЛЫК - БАГЫТТООЧУ АНАЛИЗИ

**Мазмуну**


1. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024- окуу жылындагы окуу-тарбия иштериндеги проблемалык – багыттоочу анализи .. 3
2. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024- окуу жылындагы усулдук иштериндеги проблемалык - багыттоочу анализи........ 17
3. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы тарбия иштериндеги проблемалык-багыттоочу анализ .............. 30
4. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы психологдун проблемалык-багыттоочу анализ ........................... 44
5. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы социалдык педагогдун проблемалык-багыттоочу анализ ........... 46
6. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы мамлекеттик тил боюнча проблемалык-багыттоочу анализи ..... 57
7. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы чарба иштери проблемалык-багыттоочу анализ.......................... 60

## 1. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024- окуу жылындагы окуу-тарбия иштериндеги проблемалык – багыттоочу анализи

| **Талдоонун негизги багыттары** | **Билим жана тарбия берүүдө коюлган тапшырмаларды аткарылышынын ишке ашышы** |
|---|---|
| 1. Окуучулардын контингенти класс-комплекттер | |

**2022-2023-окуу жылы**

| Окуу жылынын башында | Окуу жылынын аягында | 1-4 класс | | 5-9 класс | | 10-11 класс | | Жыл ичинде келген окуучулар | Жыл ичинде кеткен окуучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кл. саны | Окуучулардын саны | Кл. саны | Окуучулардын саны | Кл. саны | Окуучулардын саны | 183 | 104 |
| 796 | 875 | 14 | 409 | 18 | 419 | 3 | 47 | | |

**Жылдын аягында 875 окуучу** кыздары – 475; эркек балдары – 400

**2023-2024-окуу жылы**

| Окуу жылынын башында | Окуу жылынын аягында | 1-4 класс | | 5-9 класс | | 10-11 класс | | Жыл ичинде келген окуучулар | Жыл ичинде кеткен окуучулар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кл. саны | Окуучулардын саны | Кл. саны | Окуучулардын саны | Кл. саны | Окуучулардын саны | 72 | 134 |
| 1107 | 1045 | 15 | 492 | 18 | 494 | 4 | 59 | | |

**Жылдын аягында 1045 окуучу** кыздары - 552; эркек балдары-493




**Чечилбеген маселелери жана алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер**

2023-2024- окуу жылында мектептин сыйымдуулугу тартыш болду. 500 орундук мектепке 1045 окуучу билим алууда. Мектептин окуучуларынын дээрлик көпчүлүгү ички жана тышкы мигранттын балдары болгондуктан, келип кетүүнүн % көрсөткүчү 30%га жетти.


**Башкаруу чечимдери**

Мектептин билим сапатын, мугалимдердин адистик деңгээлин жогорулатуу менен, мектептин рейтингин жогорулатып, окуучулардын келип-кетүү кыймылын турукташтырууга аракет көрүү.

**2.** Окуу-тарбия процессинин жыйынтыгы

**Мектеп боюнча билим сапаты:**

| 2022-2023-окуу жылы | | | 2023-2024-окуу жылы | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Класстар** | **Билим сапаты%** | **Жетишүү %** | **Класстар** | **Билим сапаты%** | **Жетишүү%** |
| 1-4-класс | 38% | 99% | 1-4-класс | 39,5% | 100% |
| 5-9-класс | 23% | 99,7% | 5-9-класс | 24% | 100% |
| 10-11-класс | 25% | 100% | 10-11-класс | 27% | 100% |
| 1-11-класс | 28,4% | 99,7% | 1-11-класс | 28,4% | 100% |

| | |
|---|---|
| |   |
| **Окуу процессин уюштуруу** | **Окуу процессин уюштуруу**<br>Мектептеги окуу процесси Кыргыз Республикасынын Билим берүү уюмунун 2023-2024 – окуу жылындагы базистик окуу планына ылайык иш жүргүзүлдү. Мектептеги билим берүүнүн мазмуну мамлекеттик билим берүүнүн стандарттарына дал келет. Окуу планы мугалимдердин түзүлгөн календардык-тематикалык планын негизинде аткарылат жана окуу планында негизги жана предметтик компетенттүүлүк мамлекеттик стандартта берилген норманын негизинде аткарылат. Кыргыз Республикасынын жалпы билим |

берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизинде жана мектептин календардык-тематикалык планды иштеп чыгуу жөнүндө жобосуна ылайык календардык-тематикалык пландар түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругунун негизинде базистик окуу планы менен окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлгөн.

Мектептин ички иштөө режими мектептин директору тарабынан бекитилген.

**Мектептеги сабактардын өтүү убактысы**

| **Сабактардын өтүү узактыгы** | **1-4-класс** | **5-9-класс** | **10-11-класс** |
|---|---|---|---|
| Окуу күнүнүн узактыгы (жумалык) | 5 күн | 5 күн | 5 күн |
| Сабактардын өтүү узактыгы | 1-класс 40 мүн.<br>2-4-класс 45 мүн. | 45 мүнөт | 45 мүнөт |
| Тыныгуу узактыгы (максималдуу, минималдуу) | 5-10-мүнөт | 5-10-мүнөт | 5-10-мүнөт |

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылына карата жылдык планы 2023-жылдын август айындагы №1 педагогикалык кеңешмеде каралып бекитилген. 5-11-класстардын окуучулары кабинеттик окутуу системасына өткөрүлдү Ошондой эле мектептин коңгуроосу кыргыз күүсүнө алмаштырылды.

Окуу процессинин суроолору системалуу түрдө педагогикалык кеңештердин отурумунда каралды.

- Мектептин документтери пландагы графикке ылайык текшерилет;
- Текшерүүнүн такталган натыйжалары маалымдамаларда көрсөтүлөт;
- Класстык журналдарды текшерүү ай сайын жүргүзүлөт;
- Окуучулардын дептерлерин текшерүү (чейрек сайын);
- Окуучулардын күндөлүктөрү (жылына эки жолу);

| | |
|---|---|
| | • Окуучулардын өздүк делолору, алфавиттик китепче, о.э. мектеп окуучуларынын келип кетүүсү ИСУО (10-сентябрда жана ар бир чейректин аягында) ;<br>• Календардык-тематикалык пландаштырууну текшерүү (жылына эки жолу);<br>• Күнүмдүк сабактардын пландарын текшерүү жана багыт берүү;<br>• Административдик контролдоо иштери (графикке ылайык);<br>• Окутуу программаларын ишке ашыруу (ар бир чейректин жыйынтыгы боюнча);<br>• Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны даярдоо жана өткөрүү;<br>• Педагогикалык кеңештердин жана жыйналыштардын чечимдерин ишке ашыруу.<br>Окуу процессин уюштуруунун формалары<br>✓ Сабактар<br>✓ Лекциялар<br>✓ Семинарлар<br>✓ Практикалык сабактар<br>✓ Консультация<br>✓ Олимпиадалар, сынактар, предметтик жумалар<br>Контролдук иштер, лабораториялык жана практикалык иштер, класстык журналдарды КТП боюнча программалардын аткарылышы анализденип, бардыгы туура экендиги аныкталды. Сабак бөлмөлөрүндө контролдук иштердин графиктери жана лабораториялык иштер, алардын аткарылышын тиешелүү окуу бөлүм башчылары тарабынан көзөмөлдөп турат. Мектептеги билимдин сапаты мониторингдин ар кандай түрлөрү менен көзөмөлдөнөт. Жалпысынан окуу планынын стандартын аткаруу менен, мектептин педагогикалык жамааты окуу жылын аяктады. PISA-2025ке даярдануу боюнча 5-8-класска чейинки окуучулар үчүн график түзүлүп, атайын мугалимдер бекитилип иштер алып барылды. |

| | |
|---|---|
| **4. Мектеп ичиндеги көзөмөлдү уюштуруу** | Мектептин ичинде көзөмөл планга ылайык жүргүзүлөт. Планда текшерүү билим берүү процессинин бардык тармактарын камтыйт. Окуучулардын жетишкендиктерин аныктоо жана көйгөйлөр жөнүндө өз убагында эскертүү жана кемчиликтер, аларды жоюуга өз убагында жардам берет. Пландын аткарылышы боюнча текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча маалыматтык-аналитикалык отчёттор директор жана завуч алдындагы административдик чогулуштарда жана УБнин отурумдарында каралат. Мектеп ичиндеги көзөмөлдөө иштери багытталган акыркы натыйжага жетишүү болуп саналат.<br>Мектепте колдонулган текшерүүнүн негизги формалары:<br>Жалпылоочу текшерүүдө (текшерүүнүн фронталдык түрү, б.а.) мугалимдердин жана класс жетекчилердин ишин контролдоо;<br>Билим сапаты боюнча деңгээлди аныктоо (бөлүмдөр, тесттер ж.б.)<br>Сурамжылоочу текшерүү (тематикалык көз караш) – окуучулардын окуу адабияты менен камсыздалышы, билим берүү процессинин катышуучулары катары пикирин билүү, анализдөө, календардлык-тематикалык пландаштыруунун аткарылышын контролдоо, предметтик мугалимдердин системалуу иш алып баруусун контролдоо.<br>Окуу жылынын башында (баштапкы билим кесилишитери (стартовый срез)), математика, кыргыз тили жана орус тили боюнча көзөмөл (чейрек жана жарым жылдык боюнча), билим деңгээли боюнча административдик текшерүү иштер алынды.<br>**Көзөмөлдөө методдору:** байкоо жүргүзүү (сабактарга катышуу), сурамжылоо, билимди текшерүү (срез, тесттер жана текшерүү иштер ж.б.)<br>Мектеп ичиндеги көзөмөлдө мектеп администрациясы планга ылайык жумушчу тартипте сабактарга катышат. Мектеп ичиндеги көзөмөлдөөнүн натыйжалары боюнча маалымкаттар жана буйруктар жазылып, директор жана завуч алдындагы административдик чогулуштарда жана УБ отурумдарында талкууланат. Окуу жылында мектепте мониторинг жүргүзүлүп, негизги этаптары бул – предметтик билим берүүдө окутуунун сапатын көзөмөлдөө жана анализдөө.<br>Окуу жылы бою мектептин администрациясы тарабынан төмөнкү багыттар боюнча көзөмөл жүргүзүлүп келет.<br>✓ Мектептин иш кагаздарынын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө;<br>✓ Сабактарды окутуунун деңгээлин көзөмөлдөө; |

| | |
|---|---|
| | ✓ Билим берүү программаларынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү;<br>✓ Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү жана окуучулардын сынакка даярдануусун көзөмөлдөө;<br>✓ Таланттуу жана окуу программасын өздөштүрүүдө жетишпеген окуучулар менен иштөөнү көзөмөлдөө.<br>Ал эми, мектептин иш кагаздары графикке ылайык текшерилет. Текшерүүлөрдүн натыйжаларына ылайык маалымдамалар жазылып, мониторинг жүргүзүлөт.<br>**Окуу процессинин жыйынтыктары**<br>Жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу – жалпысынан мектеп ишинин артыкчылыктуу милдеттеринин бири. Окуу натыйжалуулугунун жана билим сапатын көрсөткүчтөрүн талдоо байма-бай жүргүзүлүп турат. Ага ылайык 2023-2024-окуу жылында мектептин жалпы жана сапаттык окутуу натыйжаларынын талдоосуна ылайык: билим сапаты 28.4%, ал эми жетишүү 100% түздү. Мектеп администрациясы тарабынан, ошондой эле класс жетекчилер (күн сайын, жума сайын жана ай сайын мониторинг жүргүзүү, сабакты себепсиз калтырууну алдын алуу боюнча кеңештер, ата-эне менен баарлашуулар жана байма-бай сурамжылоолор алынып турат). 2022-2023-окуу жылынын жыйынтыгы менен сурамжылоонун негизинде, мектепке кошумча окутууну жолго киргизүү чечими кабыл алынган. 2023-2024-окуу жылынын II жарым жылдыгында 1-4-класстар үчүн 300 окуучуга кошумча окутуу жолго киргизилди. |
| Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылы шына тоскоол болгон себептер | 1. Билим сапатын арттырууда, ата-энелер коомчулугунун катышуусунун төмөндүгү, ата-энеси чет жакта же ички-тышкы мигранттардын балдарынын санынын көптүгү. Ар бир чейрек сайын окуучулардын келип кетүүсүнүн өсүүсү.<br>2. Мектептин кубаттуулугу 500 орунду болгонуна карабастан учурда 1045 окуучунун билим алышы, окутуу орус тилиндеги класстардагы окуучулардын санынын 40ка чейин болушу.<br>3. Мектептин ачылганына 2 жыл болгондугуна байланыштуу китепкана фондусунда окуу китептеринин жетишсиздиги. |
| Башкаруу чечимдери | 1. Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн эске алуу менен кошумча окутууну жол-жоболоштуруу жана ишке ашыруу;<br>2. Жогорку окуу жайлары менен окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстар үчүн кадрларды тартуу максатында келишимдерди түзүү;<br>3. Китепкананы окуу-методикалык китептер фондун санын көбөйтүү жана мектеп администрация тарабынан тарабынан ачык булактагы окуу китептери боюнча түзүлгөн электрондук китепкананын санын арттыруу. |

| | |
|---|---|
| **3. Пед. кадрлар (сандык жана сапаттык курамы)** | <br>**Педагогикалык жана окутуучу - көмөкчү курамы** |

Билим берүү уюму мугалимдерди  жумушка кабыл алуунун, кызматтан жогорулатууну Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси боюнча ачык-айкын жана объективдүү жүргүзүлөт:

- Эмгек келишими түзүлөт;
- Тиешелүү документтер талап кылынат;
- Окуу жүктөмү  талапка ылайык бөлүнүп берилет;
- Иш алып баруусуна шарт түзүлөт.

Мугалимдерди  ишке кабыл алууда төмөндөгү документтер талап кылынат:

- билими тууралуу диплом
- өзүн тастыктоочу документ
- квалификациясы,
- эмгек китепчеси
- ден соолугу тууралуу китепче
- тажрыйбасы каралат (резюме)
- ички иштер минстрлигинин маалыматтык технологиялар башкармалыгынын соттолбогондугу тууралуу маалым каты
- Республикалык наркология борборунун маалымкаты
- Республикалык Психикалык борборунун ден-соолугу боюнча маалымкаты.

**Педагогикалык кадрлардын курамы**

| | **Мугалимдердин сапаттык курамы** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мек теп №** | **Окуу чулар дын саны** | **Мугалим дердин саны** | **Пенсия жашындагы мугалимдер дин саны** | **Пенсия жашындагы директорлордун саны** | **Жаш адистердин саны** | **Гендер боюнча** | |
| | | | | | | аял | эркек |
| №97 | 1045 | 60 | 8 | 0 | 29 | 51 | 9 |

| № | Мугалимдердин жалпы саны | Билими тууралуу маалымат | | | | | | Алардын ичинен | | | | | | Жашы боюнча маалымат | | | | Улуту | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жогорку | Бутпогон жогорку | Атайын орто билим | Жалпы орто билим | бакалавр | магистр | КР эмгек синирген | КР эл агартуунун | грамота МОиН КР | медаль ДАНК | 35 жаш | 36 дан 40 жашка чейин | 41 ден 50 жашка чейин | 51 ден 57 жашка чейин | 58 ден 60 жашка чейин | 61 ден жогору | Кыргыз | |
| 97 | 60 | 33 | 1 | 4 | 4 | 10 | 8 | - | 5 | 9 | - | 33 | 5 | 8 | 10 | 2 | 2 | 60 | |

| | |
|---|---|
| Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылышы на тоскоол болгон себептер | Педагогикалык кадрлар жетиштүү, вакансия орус тилдүү класстарга физика жана башталгыч класстар боюнча мугалимдер жетишсиз. Орус класстарда бирден гана класс болгондуктан предмет боюнча камсыз кылууда химия жана физика мугалимдеринин сааттарынын саны аз болгондуктан орун алмаштыруучу мугалимдерди алууга туура келет, бирок алар айлык аздыгына байланыштуу тез-тез алмашышат. |
| Башкаруу чечимдери | Жогорку окуу жайлары менен келишим түзүп, заман талабына төп келген квалификациялуу адистерди тартуу аркылуу, орус тилдүү класстардагы кадрларга болгон муктаждыкты чечүү.<br>Жаш мугалимдерди мектепке тартуу менен насаатчы мугалимдерге бекитип берүү иши жолго коюлган. |
| 4. Башкаруу дагы ишмердүүлүк | 2023-2024-окуу жылындагы аткарылган иштердин жыйынтыгында окуу тарбия процессиндеги проблемаларды аныктоодо жана анализдөөдө кетирилген кемчиликтерди алдын алуу. Жаңы 2024-2025-окуу жылында мектептин стратегиялык өнүгүү багытын жана педагогикалык жамааттын ишмердүүлүгүнүн максатын жана милдеттерин аныктоо.<br>**Милдеттери:**<br>• Мектептин багыттар боюнча иш алып баруусун анализдөө;<br>• Көрүнүктүү учурларды ачып берүү жана талап кылган көйгөйлөрдү аныктоо<br>• Мектепте билим берүүнүн сапатын жогорлатууда окуу тарбия процессинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо;<br>• Окуучулар менен ата-энелердин арасында мугалимдердин беделин көтөрүү;<br>• Жогорку сапаттагы жана эффективдүү билим берүүгө инновациянын негизинде жетишүү;<br>• Сабактан тышкаркы убакта окуучулардын бош эместигин камсыздоо;<br>• Жаш мугалимдерге жардам көрсөтүү;<br>• Жаңы программалар, окуу китептери менен таанышуу;<br>• Чыгармачыл отчетторду, конференцияларды уюштуруу<br>• Мугалимдердин чеберчилигин, квалификациясын жогорулатуу; |

| | |
|---|---|
| | 2023-2024-окуу жылында педагогикалык жамааттын ишмердүүлүгү КР « Билим берүү» боюнча Мыйзамын аткарууга багытталган.<br>Мектептин 2023-2024-окуу жылындагы окуу планы Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти тарабынан макулдашылды.<br>2023-2024-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында мугалимдерге ар бир предметтери боюнча билимдерине карап сааттар бөлүнүп берилди. Жылдын башынан баштап эле мектептин билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча мектептин ички көзөмөлдөө иши жолго коюлду.<br>Анда<br>• **Илимийлүүлүк**<br>• **актуалдуулук,**<br>• **ачык-айкындуулук,**<br>• **креативдүүлүк,**<br>• **компетенттүүлүк,**<br>• **өз билимин өнүктүрүү,**<br>• **салыштырмалуулук** принциптеринин негизинде билим берүү иши текшерилип турду.<br>Мектеп ичинде иш алып баруу нормативдик-укуктук документтердин негизинде төмөнкү жоболорду эске алуу менен жүргүзүлөт:<br>➢ ар бир окучуунун жеке өзгөчөлүгүн ар тараптан эске алуу;<br>➢ окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсүнө көңүл бөлүү;<br>➢ ден соолугуна кам көрүү;<br>➢ окуучулардын жана педагогдордун чыгармачылык потенциалын көтөрүү;<br>➢ билим сапатын жогорлатуу. |

| | |
|---|---|
| | Мектептин өнүгүү программасы 2022-жылдын сентябрь айынан баштап **“№97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2027-жылдар аралыгындагы стратегиялык өнүктүрүү планы”** 2027-жылга чейин кабыл алынды. Бул тема боюнча мугалимдер алгачкы этаптын үстүндө иш алып барууда. Окуучуларды комплектөөдөгү токтолуп кетүүчү маселе, жаңы конуш болгондуктан келип кеткен окуучулардын саны жылдан жылга көбөйүүдө бул маселе окуу процессин жүргүзүүдө билим сапатына кедергисин тийгизүүдө.<br>Мектептин ички көзөмөл системасын калыптандыруу жана билим сапатын баалоо боюнча максаттуу иш алып барылат.<br>Окуучулардын сапаттуу билим алуусуна түздөн түз тиешеси бар маселелерди козгогон педагогикалык кеңешме өткөрүлдү. Аларда төмөндөгү маселелер негизин түздү.<br>Мектептеги окутуу-тарбиялоо процесси мектептин ишин жөнгө салуучу укуктук-ченемдик актылардын негизинде жүргүзүлүп келет.<br>➢ 2023/24-окуу жылынын I чейрегинде ички көзөмөлдүн жыйынтыгына ылайык, окуучулардын билим сапаты текшерилип, анализденди;<br>➢ Билим сапатын жогорлатуу жана билим берүүнү санариптештирүү боюнча мектептин педагогикалык жамаатына ОТИ боюнча директордун орун басары А.Б. Ашырбеков “Google платформасын билим берүү процессинде колдонуу” аталышындагы усулдук семинар өтүлдү;<br>➢ «Интерактивдүү панель жана анын функциялары менен иш алып баруу» деген темада бирикмелер арасында мастер-класстар көрсөтүлдү;<br>➢ “Билим берүүдөгү жумшак көндүмдөр SIFT SKILLS” аталышындагы семинар болуп өттү;<br>➢ Директор жана окуу тарбия завуч алдындагы ар түрдүү суроо маселелерди камтыган чогулуштар;<br>➢ Бирикмелер арасындагы кеңешмелер;<br>➢ Билим берүү башкармалыгы тарабынан сунушталган диагностикалык текшерүү иштер; |


| | |
|---|---|
| | ➢ Мугалимдердин адистик деңгээлин жогорулатуу максатында конференциялар, чогулуштар өтүлүп, мугалимдерге маалыматтар өз убагында берилип турду.<br>Мектеп ичинде 7 бирикме иш алып барат. Ар бир бирикменин иш пландары мектептин директору З.Э. Жээнтаева тарабынан бекитилген. Август-сентябрь айларында ар бир мугалимдин календардык-тематикалык пландары бекитилип, алардын мамлекеттик окуу программасы менен дал келишине көңүл бурулган. Сентябрь айында мугалимдердин өздүк темалары бирикме ичинде кеңешмеде каралып, такталды. Жаш мугалимдер мектебинин иш-чаралары каралып, жаш мугалимдерге насаатчылар бекитилип берилди.<br>Сентябрь айында жыл ичинде декадаларды өткөрүүнүн графиги такталып, декадаларды өткөрүүдө жаңы ыкмаларды колдонуу жөнүндө сунуштар айтылды.<br>Китепкана башчысы А.Т. Карабаева менен бирдикте окуучулардын китеп менен камсыз болушун, китептин туура бөлүнүшүнө көзөмөл жүргүзүлдү. Мындан тышкары ОТИ боюнча директордун орун басары А.Б.Ашырбеков жана китепкана башчысы А.Т.Карабаева менен бирге 1-9-класстын окуучулары үчүн электрондук китепккана уюштурулду. Мугалимдерге ар бир предметтери боюнча билимдерине карап сааттар бөлүнүп берилди. Жылдын башынан баштап эле мектептин билим берүү процессинин эффективдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча мектептин ички көзөмөлдөө иши жолго коюлду. Мындан тышкары 2023-2024-окуу жылында 1-4-класстын окуучулары үчүн кошумча билим берүү кызматы ишке киргизилди. |
| Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылы шына тоскоол болгон себептер | Мамлекет тарабынан каржыланган ийримдердин аздыгы;<br>Мектеп 80% интернет менен камсыз болгон, бирок, төлөмдөрү мамлекет тарабынан чечилбестиги;<br>Окуучулардын билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иш алып барууда жаны предметтик стандарт боюнча окуу китептеринин жетишсиздиги. |
| Башкаруу чечимдери | Кошумча окутуу процессинин натыйжалуулугун жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;<br>Интернет маселесинин төлөм жолдорун чечүү үчүн тиешелүү тараптарга кайрылуу; |

| | |
|---|---|
| | Уюштурулган акысыз электрондук китепканадагы китептерди жаңылоо жана толуктоо менен окуучулардын китепке болгон муктаждыктарын жоюу. |
| **2. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024- окуу жылындагы усулдук иштериндеги проблемалык - багыттоочу анализи** | |
| **5. Методикалык иштер** | №97 жалпы орто билим берүү мектеби 2022-жылы 5 жылдык мөөнөткө (2022-2027-жж. чейин) бекитилген **“Инновациялык технологияны колдонуу аркылуу инсандын руханий-адеп-ахлактык, интеллектуалдык жана ар тараптуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган окутуу”** деген теманын алдында 7 бирикме иш алып барат.<br>Мектепте усулдук кеңеш түзүлгөн жана жети усулдук бирикме иш алып барат.<br>Алар :<br>➢ Кыргыз тили жана адабияты бирикмеси;<br>➢ Орус тили жана адабияты бирикмеси;<br>➢ Англис тили бирикмеси;<br>➢ Так илимдер бирикмеси;<br>➢ Табигый жана социалдык илимдер бирикмеси;<br>➢ Башталгыч класстар бирикмеси;<br>➢ Эстетика бирикмеси |


КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ БИРИКМЕСИ
ОРУС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ БИРИКМЕСИ
ЭСТЕТИКА БИРИКМЕСИ
УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕР
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАР БИРИКМЕСИ
АНГЛИС ТИЛИ БИРИКМЕСИ
ТАБИГЫЙ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИЛИМДЕР БИРИКМЕСИ
ТАК ИЛИМДЕР БИРИКМЕСИ


"ЗАМАНБАП МААЛЫМАТТАРДЫ, ИННОВАЦИЯЛЫК - ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН КЕН БАЙЛЫГЫ КЕНЕН, АР ТАРАПТУУ САБАТТУУ, ИНТЕЛЛЕКТИ ЖОГОРУ МУУНДУ ТАРБИЯЛОО"
КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ БИРИКМЕСИ
ИННОВАЦИОННОЕ ОБУЧЕНИЕ – НОВЫЙ ПОДХОД К ОБУЧЕНИЮ, ВКЛЮЧАЮЩИЙ В СЕБЯ ЛИЧНОСТНЫЙ ПОДХОД, ФУНДАМЕНТАЛЬНОСТЬ ОБРАЗОВАНИЯ, ТВОРЧЕСКОЕ НАЧАЛО, ПРОФЕССИОНАЛИЗМ, ИСПОЛЬЗОВАНИЕ НОВЕЙШИХ ТЕХНОЛОГИЙ.
"САНАРИП ТЕХНОЛОГИЯНЫ ПАЙДАЛАНУУ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫН ЭСТЕТИКАЛЫК БИЛИМДЕРИН КАЛЫПТАНДЫРУУСУН ИШКЕ АШЫРУУ"
ЭСТЕТИКА БИРИКМЕСИ
ОРУС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ БИРИКМЕСИ
"АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА ИННОВАЦИЯЛЫК-ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ ИНСАНДЫН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК, ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ЖАНА АР ТАРАПТУУ ЖӨНДӨМҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ"
"ИННОВАЦИЯЛЫК-ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ ИНСАНДЫН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК, ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ЖАНА АР ТАРАПТУУ ЖӨНДӨМҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ"
"БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫ ОКУТУУДА ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ НАТЫЙЖАЛУУ БИЛИМ БЕРҮҮ"
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАР БИРИКМЕСИ
АНГЛИС ТИЛИ БИРИКМЕСИ
"ТАБИГЫЙ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИЛИМДЕРДИ ОКУТУУДА ЖАҢЫ МУУНДАГЫ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК КАРАЖАТТАРДЫ АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРГА ЭФФЕКТИВДҮҮ БИЛИМ БЕРҮҮ"
ТАБИГЫЙ ЖАНА СОЦИАЛДЫК ИЛИМДЕР БИРИКМЕСИ
ТАК ИЛИМДЕР БИРИКМЕСИ
"ИННОВАЦИЯЛЫК-ТЕХНОЛОГИЯНЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ ИНСАНДЫН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК, ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ЖАНА АР ТАРАПТУУ ЖӨНДӨМҮН ӨНҮКТҮРҮҮГӨ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУ"

| | |
|---|---|
| | **Мектептин усулдук ишмердүүлүгүнүн максаты:** Мектептин педагогикалык кызматкерлеринин санарип сабаттуулугун жогорулатуу аркылуу окуучулардын интеллектуалдык жана ар тараптуу жөндөмүн өнүктүрүү усулдук ишмердүүлүктүн негизги максаты болуп саналат. Окуучулардын билим деңгээлин гана көтөрбөстөн алардын ар тараптуу жөндөмдүүлүгүн жана инсандык потенциалын ачуу башкы милдет катары эсептелет.<br>**Мектептин усулдук ишмердүүлүгүнүн максатына ылайык, төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:**<br>• Мугалимдердин санарип жана медиа сабаттуулугун жогорулатуу;<br>• Мугалимдердин табигый жана экологиялык сабаттуулугун жогорулатуу;<br>• Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруу;<br>• Ар кандай инновациялык багыттар боюнча усулдук бирикмелердин иш-аракеттерин координациялоо;<br>• STEM, STEAM билим берүүнү бардык предметтер менен интеграциялап окутууну жөнгө салуу;<br>• Креативдүүлүк менен иш алып барган мугалимдердин алдыңкы педагогикалык тажрыйбасын аныктоо, жалпылоо жана жайылтуу боюнча ишти улантуу;<br>• Мамлекеттик билим берүү стандарттарын ишке ашыруу менен байланышкан билим берүү методикаларын жана технологияларын натыйжалуу колдонуу;<br>• Коллективдин маданий-агартуу демилгелерин колдоо, мугалимдердин чыгармачыл демилгесин стимулдаштыруу;<br>• Мугалимдердин эмоционалдык интеллектисин жогорулатуу, жумшак көндүмдөрдү калыптандыруусун өнүктүрүү;<br>• Жаш адистер менен иштөөнү методикалык жактан камсыздоону өркүндөтүү.<br>• Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн, методикалык даярдык деңгээлин, санарип сабаттуулугун анализдөө, мониторингдөө жана диагностикалык тутумун өркүндөтүү |




**Методикалык иштин формалары:**

- Педагогикалык кеңеш;
- Методикалык кеңештин иши;
- Методикалык бирикмелердин иши;

- Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү темалары боюнча иштери;
- Ачык сабактарды, мастер класстарды, тренингдерди, семинарларды үзгүлтүксүз өткөрүү;
- Өз ара сабактарга катышуу;
- Мугалимдердин алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларын жайылтуу;
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуучу курстарды уюштуруу жана көзөмөлдөө;
- Мугалимдердин форумдарга, семианарларга жана вебинарларга катышуусу
- Мектептик, райондук, шаардык жана республикалык алкактагы конкурстарга катышкан мугалимдерге усулдук жардам жана колдоо көрсөтүү ж.б.

№97 жалпы орто билим берүү мектебинде жыл башында ар бир усулдук бирикмелердин чогулуштары өтүлүп, бирикме башчылары шайланган. Усулдук бирикме башчыларынан жана окуу бөлүм башчыларынан төмөндөгүдөй курамдан турган усулдук кеңеш түзүлгөн.

| № | Кызматкердин аты-жөнү | Кызматы |
|---|---|---|
| 1 | Ашырбеков Алдияр Басарбекович | Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары |
| 2 | Абдизаит уулу Жусуп | Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмеси |
| 3 | Сооронaлиева Гульнур Джумакановна | Орус тили жана адабияты усулдук бирикмеси |
| 4 | Эшкозуева Нургул Кахаржановна | Англис тили усулдук бирикмеси |
| 5 | Аскербекова Гүлжамал Аскербековна | Башталгыч класстарынын усулдук бирикмеси |
| 6 | Өмүрбек кызы Айзада | Так илимдер усулдук бирикмеси |
| 8 | Кутманова Марина Өзүбековна | Эстетика усулдук бирикмеси |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | Сейиткерим кызы Айтурган | Табигый жана социалдык илимдер усулдук бирикмеси |

2023-жылдын август айында мектептин методикалык ишинин бир жылдык планы түзүлдү жана бекитилип, планга ылайык жылы бою иш алып барылды.

20232024-окуу жылынын сентябрь айына карата №97 жалпы орто билим берүү мектебинде 7 усулдук бирикмелер түзүлүп, усулдук бирикмелердин жетекчилери дайындалып иш алып бара башташты. Ошондой эле усулдук кеңештин курамы түзүлүп бекитилди. Мугалимдердин календардык-тематикалык пландаштыруулары усулдук бирикмелердин кеңешмелеринде каралып, 15-сентябрда календарлык-тематикалык пландаштыруу каралды. “Google платформасын билим берүү процессинде пайдалануу” аталышындагы семинар өтүлдү. Семинарга 50 мугалим катышты. Мындан тышкары, “Предметтик стандарт менен иштөө: негизги жана предметтик компетенттүүлүк” аталышындагы тренинг өтүлдү. Тренинге жаш мугалимдер катышты. Жалпы мугалимдердин жана жаш мугалимдердин сандык жана сапаттык курамы түзүлдү жаш мугалимдерге насаатчылар дайындалып бекитилди.





Ал эми, октябрь айынан апрель айына чейин бирикмелер арасында декадалар өтүлдү. Декаданын алкагында мугалимдер адистик деңгээлин жогорулатуу, тажрыйба алмашуу максатында ачык сабактарды өтүштү. Өтүлгөн ачык сабактарда окутуунун инновациялык-коммуникациялык технологиялары колдонулуп, билим берүүдөгү жаңычыл ыкмалар пайдаланылды.

2023-2024-окуу жылында №97 ЖОББМинде Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин планына ылайык шаардык деңгээлдеги 3 семинар өтүлдү. Алсак, 2023-жылдын декабрь айында, жаш директорлор үчүн, 2024-жылдын февраль айында окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары үчүн, ал эми 2024-жылдын апрель айында тарых, адам жана коом, диндердин өнүгүү тарыхы предметтеринин мугалимдери үчүн семинарлар өтүлдү. Семинарда мектептин иш тажрыйбасы менен бөлүшүү болду. Семинардын жүрүшүндө ар кандай ачык сабактар, мастер-класстар мектептин алдыңкы мугалимдери тарабынан технология, информатика, англис тили, химия, тарых, кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, математика предметтери боюнча ачык сабактар өтүлдү.









*(Тарых, адам жана коом, диндердин өнүгүү тарыхы предметинин мугалимдерине PISA-2025 боюнча өтүлгөн семинар)*




*(“Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары” аталышындагы өтүлгөн семинар)*

Ошондой эле бул айда мугалимдердин райондук, шаардык, республикалык конкурстарга катышуусун уюштуруу жана колдоо иштери жылы бою жүргүзүлдү. “Мугалим” илимий-педагогикалык журналы тарабынан уюштурулган “Мыкты класс жетекчи – 2024” Республикалык сынагына башталгыч класстын мугалимдери Үсөнбай кызы Жазира, Эсенаманова Нурзада, информатика мугалими Өмүрбек кызы Айзада жана англис тили мугалими Эшкозуева Нургул Кахаржановна катышышкан. Конкурстун жыйынтыгында Өмүрбек кызы Айзада жана Эшкозуева Нургул “Мыкты сабак” номинациясын жеңип алышы.










*(“Жылдын мыкты класс жетекчиси – 2024” сынагынын катышуучулары жана жеңүүчүлөрү)*

Мындан тышкары, КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган “Жылдын мыкты мугалими-2024” республикалык кароо-сынагына №97 ЖОББМинен тарых мугалими А.Б.Ашырбеков, башталгыч класстын мугалимдери Г.А.Аскербекова жана Жылдызбек кызы Зульфия катышышкан. Натыйжада тарых мугалими А.Б.Ашырбеков конкурстун райондук, шаардык турун жеңип, Республикага жолдомо алса, Жылдызбек кызы Зульфия райондук турда 3-орундун камсыздады.

| | |
|---|---|
| | <br><br>*(“Жылдын мыкты мугалими-2024” конкурсунун райондук турунун жеңүүчүсү Жылдызбек кызы Зульфия)*<br><br>*(“Жылдын мыкты мугалими-2024” конкурсунун катышуучусу Г.А.Аскербекова)* |

| | |
|---|---|
| | <br>*(“Жылдын мыкты мугалими-2024” конкурсунун шаардык турунун жеңүүчүсү А.Б.Ашырбеков)*<br>2023-2024-окуу жылында КР ББжИМ алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан 72 сааттык курстан 60 мугалимдин ичинен 37 мугалим өтүштү. Бул көрсөткүч жалпы мугалимдердин 61%ын түздү. Курстан өткөн муалимдердин сертификаттарына шилтеме: https://drive.google.com/drive/folders/11s7hn8hujDHURzBFCjIqu9aJMpb8ZxTP?usp=drive_link<br>2023-2024-окуу жылында да мугалимдерден, ата-энелерден жана окуучулардан анонимдүү жана ачык форматтагы сурамжылоолор жүргүзүлдү. Кызыкдар тараптын муктаждыктарын канааттандыруу, билим сапатын жогорулатуу багытындагы бул сурамжылоолор анализденип, жыйынтыгы мектептин планына киргизилип, тиешелүү иштер алып барылды. 2023-2024-окуу жылынын жыл жыйынтыгын чыгарууда окуучулардан “Мектеп жана мугалим – окуучунун көзү менен” аталышындагы сурамжылоо |

<table>
<tr><td></td><td>(5-8-класстардын окуучулары үчүн) алынып анализденди. Сурамжылоонун суроолор пакетине жана жоопторуна түз шилтеме: https://forms.gle/zm6ZrZVeTqA21YfW7<br><br>Ал эми май айында 2023-2024-окуу жылында илимий-усулдук иштердин жалпы жыйынтыгы чыгарылып, 2024-2025-окуу жылына карата болжолдуу план түзүлдү.</td></tr>
<tr><td>Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер</td><td>1. Мугалимдердин санарип сабаттуулугун дагы да тереңдетүүнүн үстүндө иштерди алып баруу;<br>2. Методикалык колдонмолордун санынын аздыгы;<br>3. Технология сабактарын (устакана) практикалык негизде ишке ашыруудагы тоскоолдуктар</td></tr>
<tr><td>Башкаруу чечимдери</td><td>1. Билим берүү жана тарбиялоо процессинде мугалимдерге жаңы технологияларды үйрөтүүнү жана андан ары ишке ашыруу боюнча ишти улантуу.<br>2. Методикалык колдонмолордун санын арттыруу, усулдук бурчтарды толуктоо, электрондоштуруу, мектептин ачылган усулдук электрондук китепканасындагы китептердин санын арттыруу;<br>3. Технология сабактарын окутууда менен кесиптик окуу жайлардан мастерлерди тартуу</td></tr>
<tr><td colspan="2">3. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы тарбия иштериндеги проблемалык-багыттоочу анализ</td></tr>
<tr><td>Тарбия иштери</td><td>2023-2024-окуу жылына № 97 жалпы орто билим берүү мектебинин тарбия иши төмөнкүдөй багыттар боюнча иштер жүргүзүлдү<br><table><tr><td>Тарбиялык иштердин багыттары</td><td>Берилген багыттагы иштердин милдеттери</td></tr><tr><td></td><td>1.Окуучулардын жоопкерчилик, ар-намыс, кадыр-барк, инсандык сезимдерин калыптандыруу;<br>2. Мекенинин, мектептин, үй-бүлөлүк салттарды сыйлоого жана сүйүүгү тарбиялоо;</td></tr></table></td></tr>
</table>

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | 3. Өз мекенинин тарыхын жана жаратылышын аярлаган окуучуларды калыптандыруу;<br>4.Туристтик көндүмдөрдү жакшыртуу боюнча иштерди уюштуруу;<br>4. Окуучулардын изилдөө иштерин жүргүзүүгө жардам көрсөтүү;<br>5. Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өстүрүү үчүн шарттарды түзүү;<br>6. Окуучулардын өз ден соолугун сактоо жана жакшыртуу маданияттын калыптандыруу;<br>7. Спорт жана дене тарбия сабактарын популярдаштыруу;<br>8. Сергек жашоону пропагандалоо.<br>9. Алдыңкы класс жеткечилердин иш тажырыйбаларын жайылтуу;<br>10. Класс жетекчилерге класс менен иштөө боюнча усулдук жардам көрсөтүү.<br>11.Ийримдердин жана секциялардын иштерин уюштуруу жана көзөмөлдөө. | |
| | | Тарбиялык процессти көзөмөлдөө | 1. Тарбиялык процесстин бардык бөлүгүндө отчеттулукту сактоо;<br>2.Тарбиялык иштерде кемчиликтерди табуу жана алардын үстүндө иш алып баруу; | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 3. Окуучулардын тартибин көзөмөлдөө жаатында комплекстүү (ЖЖИ инспектору, класс жетекчи, социалдык педагог, психолог, медицина кызматкерлери жана ата-энелер менен биргеликте) иштерди алып баруу;<br>4. Окуучулардын арасындагы кылмыштуулуктун, укук бузуунун жана токсикоманиянын алдын-алуу жана санын азайтуу жаатында жылы бою үзгүлтүксүз иш алып баруу;<br>5. Окуучулардын коомдук-маданий, спорттук иш-чараларга катышуусун көзөмөлдөө;<br>6. Класс жетекчинин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө жана муктаждыкка ылайык жардам көрсөтүү ж.б. |

2023-2024-окуу жылында 37 класс комплектелип, 1107 окуучу менен окуу жылы башталды. 2023-2024-окуу жылында бир жылдык биргелешкен иш-пландар иштелип чыгып, бекитилип, кол коюлду.

- ❖ Жол коопсуздугунун бир жылдык планын түзүү жана окуучулар менен иш алып баруу;
- ❖ Укук бузуу боюнча бир жылдык иш планын иштеп чыгуу жана иш алып баруу;
- ❖ Өрт коопсуздугу менен биргелешкен жылдык иш пландарын иштеп чыгуу жана ыктыярчылардын курамын түзүү;
- ❖ №9 үй бүлөлүк дарыгерлер, нарколог менен профилактикалык иштерди жүргүзүү.

**2022/23 жана 2023/24-окуу жылына карата укук бузуулардын көрсөткүчү**

| № | Укук бузуулардын түрү | Саны | | Айрыма |
|---|---|---|---|---|
| | | 2022-2023 | 2023-2024 | |
| 1 | Мектептин ички көзөмөлүндөгү окуучулар | 12 | 11 | 1 окуучуга азайган |
| 2 | Риск тобундагы окуучулар | 5 | 8 | 3 окуучуга саны арткан |
| 3 | ЖЖИ (ИДН) тизмесиндеги окуучулар | 5 | 4 | 1 окуучуга азайган |



| | |
|---|---|
| | **Окуу жылы ичинде аткарылган иш-чаралар**<br>❖ 1-сентябрда мектептин ачылыш аземи болду .”Биринчи конгуроо “салтанаттуу линейкасы өткөрүлдү.<br>  <br>❖ Окуу жылынын биринчи жумасында ар бир класста жолдо жүрүүнүн жана техникалык коопсуздук эрежелери менен тааныштырылды<br>   <br>❖ Бишкек шаарынын ИИББ боюнча ММКҚББ инспектору менен тыгыз байланышта болуп ар бир айда үч жолу Жолдо жүрүүнүн коопсуздуктарын алдын алуу максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, лекцияларды өтүп жатты. |

| | |
|---|---|
| | ❖ Райондук билим берүү борбору, “Тазалык” муниципалдык ишканасы менен биргеликте уюштурулган “Тазалык менден башталат!” атуу акциясы №97 жалпы орто билим берүү мектебинде мектеп окуучулары менен биргеликте видеоролик жана атайын бурч уюштурулду, ошону менен биргеликте окуучулар, мектеп активисттери жана мугалимдер менен биргеликте ишембиликтерге активдүү катышып турушту. |








❖ 9-сентябрь- Комуз күнү



- 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө карата “Уюткулуу элдин улуу кыргыз тили “аттуу иш чара өткөрүлдү.Бул иш чарада “Эне тилин билбеген .эси жогун аныктайт,”Улуттун улулугу анын тилинде ,Кыргыз тили кылымдарды карыткан ,эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан  деген темаларда класстык ачык тарбия сааттар өткөрүлдү.Сүрөт конкурсу уюштурулду.





- 1-октябрь карылар күнүнө карата 7-класстын окуучулары карылар үйүнө барып куттуктап келишти. Мугалимдер күнүнө карата дубал газеталар илинип,  ар бир класста класстык сааттар өтүлүп куттуктоолор болду.




❖ “Жаш куткаруучу” райондук кароо-сынагы


ЛЕНИН РАЙОНУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

ЛЕНИН РАЙОНУ БОЮНЧА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР БӨЛҮМҮ

БИШКЕК

ГРАМОТА

5-октябрь жыл сайын белгиленүүчү

“Жаш куткаруучу” райондук кароо-сынагында

КОМАНДАНЫН КАПИТАНДАРЫ СЫНАГЫНДА

жогорку жыйынтык көрсөткөндүгү үчүн

сыйланат.





❖ Жарандык коргонуу” боюнча профилактикалык иштер







| | |
|---|---|
| | “Берекелүү күз айы” 8-класстардын арасында конкурс уюштурулду. Класстык сааттар өтүлдү<br>  <br>❖ “Кыргыз жараны” концепциясын коомго жайылтуу максатында №97 жалпы орто билим берүү мектебинин мугалимдерине атайын семинар-тренингдер өткөрүлдү. |

| | |
|---|---|
| | <br><br><br><br><br><br>❖ Эмдөөлөр кызамык, көк жөтөл, туберкулез, онкология оорулары, гепатит, covid-19 ж.б оорулардын алдын алуу боюнча №9 үй бүлөлүк дарыгерлер борборунун кызматкерлери, Эне жана баланы коргоо иштери боюнча директордун орун басары Искакова Диля Табалдиевна тарабынан №97 жалпы орто билим берүү мектебинин ата-энелерине маалымат берилди<br><br>   |

- 2023-жылдын 15-ноябрында Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти тарабынан уюшулган шаардык мектептердин  жаш директорлоруна  №97 жалпы орто билим берүү мектебинде семинар өткөрүлдү






- Мүмкүнчүлүгү  чектелген балдарды коргоо күнүнө арналган “биз биргебиз!” бир айлыктын алкагында ден соолук жаткан мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын көйгөйлөрүнө окуучулардын көңүлүн буруу максатында класстык сааттар жана “Ловз kg” коомдук фонду тарабынан уюшулган “жаштар ынтымагы” аттуу кайрымдуулук концерти болуп өттү.




- 5-март –Ак калпак күнү белгиленди

| | |
|---|---|
| |    <br>❖ 8-март-Айымдардын майрамына карата ийримдердин отчеттук концерти берилди.<br><br>❖ 21-март- нооруз майрамына карата “Кел, Ноорузум!” аталышта салтанаттуу линейка болуп өттү. Мында 7-класстын окуучулары кыргыздын улуттук каада-салтын, үрп-адатын көрсөтө алышты. |






- “Улуу жеңишке карай узак жол” жеңиш  күнүнө карата  эмгек ардагерлери менен жолугушуу кечеси өткөрүлдү.Кластык сааттар өтүлүп бурч уюштурулду.
- “Кош бол алиппем”, “Кош бол башталгыч классым!” класстык сааттар өтүлдү.
- Окуучуларга укук бузуу боюнча,  каникул учурундагы коопсуздугу, тартиби, милдеттери тууралуу ЖЖИ инспектору келип маалымат берди.





- Акыркы конгуроо салтанатуу линейкасы өткөрүлдү.





- Балдарды коргоо күнүнө карата “IV Эл аралык Наристе фольклордук фестивалы болуп өттү. Мында Калмыкия, Монголия Республикасынан жана Талас, Жалал-Абад облусунун таланттуу окуучулары келип катышып кетишти.







- “Жоокер” ыры Республикалык конкурста 7-б классынын окуучусу Жокинова Даткайым райондук этапта 2-орунду жана шаардык этапта 1-орун алып Республикалык этапка жолдомо ала алды.

| | |
|---|---|
| |   |
| **Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер** | Окуучулардын көпчүлүгү ички жана тышкы мигранттардын балдары болгондуктан балдардын тартибине ата-энелердин жетишээрлик көңүл бурбай калышы; %<br>Балдардын тартибин көзөмөлдөөдө ЖЖИ инспекторлорунун жоктугу;<br>Балдардын мектепке, сабакка кызыгуунун төмөндүгү, окуучуларга үй-бүлөнүн социалдык абалынын таасир этүү. |
| **Башкаруу чечимдери** | Окуучуларды тарбиялоодо ата-энелер менен иш алып барууну күчтөндүрүү жана аларды милдеттендирүү;<br>Кылмыштуулуктун (майда бейбаштык, уурулук ж.б) жана токсикоманиянын (чылым чегүү, насвай атуу, электрондук тамеки тартуу ж.б.) алдын алуу иштерин жүргүзүүдө комплекстүү (ЖЖИ инспектору, психолог, социалдык педагог жана класс жетекчилер менен) иш алып барууну күчтөндүрүү;<br>Окуучулардын мектепке болгон кызыгуусун жогорулатуу максатында семинар-тренингди, класстан тышкаркы коомдук-маданий, спорттук ж.б. иштерге тартуу. |

## 4. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы психологдун проблемалык-багыттоочу анализ

| | |
|---|---|
| **Психологиялык кызматтын негизги иш аракеттери** | 2023-2024-окуу жылына карата психологиялык кызматтын негизги **максаты**: “Окуучулардын ар тараптуу акыл-эс, инсандык жана субъективдүү өнүгүүсүнө шарт түзүп берүү”.<br>**Милдеттер:**<br>1. Окуу поцессинин бардык субъектилерине өз убагында психологиялык жардам көрсөтүү; |

| | |
|---|---|
| | 2. Окуучулардын психикалык жана инсандык өнүгүү деңгээлин изилдөө үчүн диагностикалык техниканын колдо болгон базасын колдонуу;<br>3. Билим берүүнүн заманбап моделин куруунун шартында инсандын өнүгүүсүнүн жана өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн индивидуалдык траекториясын түзүү боюнча мугалимдерге кеңеш берүү;<br>4. “Тобокел тобундагы” окуучуларга психологиялык-педагогикалык колдоо көрсөтүү;<br>5. ЖРТга даярдануу жана тапшыруу алдында окуучуларга психологияык-педагогикалык колдоо көрсөтүүнү ишке ашыруу;<br>6. Окуучулардын психологиялык сапаттарын, кризиске жана экстрималдык кырдаалдарга эффективдүү туруштук берүү жөндөмүн өнүктүрүүгө багытталган психологиялык-педагогикалык колдоону ишке ашыруу;<br>7. Билим берүү процессинин субъектеринин ишмердүүлүгүнө жана өз ара аракеттенүүсүнө эксперттик баа берүү.<br>**Психологиялык кызматтын негизги иш-аракеттери:**<br>1. Психологиялык диагностика (атайын психологиялык-педагогикалык жардамга муктаж балдарды, таанып билүү процесстерин жарым-жартылай бузулган балдарды аныктоо);<br>2. Психологиялык коррекция (окуучулар менен коррекциялык жана өнүгүү иштеринин программаларын жана пландарын иштеп чыгуу, программаларды ишке ашыруу жана анын аткарылышын контролдоо)<br>3. Консультациялык жана тарбиялык иштер (мугалимдерге, ата-энелерге жана мектеп окуучуларына консультация берүү жана тарбиялоо)<br>4. Психологиялык алдын алуу (мектеп жашынын бардык баскычтарында балдардын психологиялык ден соолугун сактоого, чыңдоого жана өнүктүрүүгө багытталган иштин түрү)<br>2023-2024-окуу жылында комплектстүү иштер жүргүзүлдү. Алсак, мектепте тарбиясы оор балдар менен иш алып барды. Алар менен аңгемелешүүлөрдү жүргүзүп, ар кандай психологиялык тесттер алынды. Маалыматтык коопсуздуктун алдын алуу максатында 6-класстардын окуучуларына “Интернеттеги коопсуздук же кибербуллингдин кесепети” аталышындагы семинар өтүлдү. Мындан тышкары, ата-энелер менен да тыгыз байланышта болуп турмуштук оор кырдаалга тушуккан, мүнөзү оор, |

| | |
|---|---|
| | тартиби начар жана гиперактивдүү балдардын ата-энелери менен да аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү. Ошондой эле себепсиз сабакты көп калтырган балдарды мектеп турмушуна, коомго адаптациялоо багытында да иштер жүргүзүлдү.<br>“Балдарды тарбиялоодо ата-эненин ролу: стереотиптер жана жумшак көндүмдөр” аталышында ата-энелер үчүн тегерек стол уюштурулду. Ошондой эле жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын алдында 9-11-класстарга атайын экзаменге даярдануу боюнча уюштурулган стендге “сынак алдындагы психологдун кеңеши” бурчу уюштурулду. Мындан тышкары бүтүрүүчү класстардын окуучуларына кесип тандоо жаатында профорентациялык жардамдар берилди. |
| Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер | 1. Мектеп окуучуларынын басымдуу бөлүгү ички жана тышкы мигранттардын балдары болгондуктан, балдарга тарбия берүүдө комплекстүү иш алып барууну ишке ашыруудагы тоскоолдуктар;<br>2. Окуучулардын окууга болгон мотивациясынын төмөндүгү (гаджеттерге, виртуалдык дүйнөгө көбүрөөк тартылуусу);<br>3. Окуучулардын жеке комплекстеринин болушу, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө иштөөнүн аздыгы ж.б. |
| Башкаруу чечимдери | 1. Окутуу жана тарбиялоо процессинде ата-эне жана мыйзамдуу өкүлдөрү менен байма-бай иш алып баруу;<br>2. Окуучуларды билим алууга жана өзүн-өзү өнүктүрүүсүн ишке ашырууда шыктандыруу (гаджет, виджеттерди туура колдонууга багыттоо), класс жетекчи жана УИ боюнча директордун орун басары менен иш алып баруу;<br>3. Окуучулардын жеке комплекстерин жоюунун үстүндө багыт берүү, тренинг, семинар, вебинарларды уюштуруу ж.б. |

## 5. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы социалдык педагогдун проблемалык-багыттоочу анализ

### 1. Окуучулардын социалдык абалы

Окуу жылдын башында ар бир класс жетекчи окуучулардын социалдык паспортун чогултуп, анын негизинде класстардын социалдык паспорттору жазылды. Класстык соц паспорттордун негизинде мектептин соц паспорту түзүлдү. Ошондой эле экинчи жарым жылдыкта окуучулардын социалдык абалы дагы бир жолу такталып, жаңыланды.

**№97 ЖОББМнин окуучуларынын I жана II жарым жылдагы социалдык абалын аныктоо графиги**

| № | Окуучулардын социалдык абалы | I жарым жылдык | II жарым жылдык |
|---|---|---|---|
| | Окуучулардын жалпы саны | 1107 | 1054 |
| 1 | Жарым жетим балдар | 40 | 32 |
| 2 | Тоголок жетим балдар | 2 | 2 |
| 3 | Тышкы мигранттын балдары | 18 | 24 |
| 4 | Ички мигранттын балдары | 1 | 2 |
| 5 | Көп балалуу үй бүлөлөр | 66 | 66 |
| 6 | Толук эмес үй бүлөлөр | 77 | 72 |
| 7 | Аскер кызматкерлеринин балдары | 5 | 5 |
| 8 | Аз камсыз болгон үй бүлөлөр | 16 | 16 |
| 9 | Турмуштук оор кырдаалда турган окуучулар | 17 | 15 |
| 10 | Туулгандыгы күбөлүгү жок окуучулар | - | - |
| 11 | "Риск" тобундагы окуучулар | 4 | 6 |
| 12 | Мектеп ичинде көзөмөлдө турган окуучулар | 9 | 11 |
| 13 | ИДН учетунда турган окуучулар | - | 4 |
| 14 | "Апрель" | 1 | 1 |
| 15 | "Чернобыль" | 1 | 1 |
| 16 | Ата-энеси инвалид окуучулар | 2 | 3 |
| 17 | Майыптыгы бар окуучулар | 4 | 2 |
| | **Жалпы** | 263 | 262 |

## 2. Социалдык абалына карата ысык тамакка кире турган 5-7-класстардын окуучуларынын статистикасы

Мектептен 5-7-класстарынын окуучуларын социалдык абалына карап, жарым жетим жана тоголок жетим окуучуларды тандап, педагогикалык кеңешменин №2 портоколунун чечими менен ысык тамакка бара турган окуучулардын тизмеси такталды.

| № | Окуучулардын аты-жөнү | Класс | Социалдык абалы |
|---|---|---|---|
| 1 | Бактыбекова Самира | 5-а класс | Жарым жетим |
| 2 | Сабит Акэрке | 6-а класс | Жарым жетим |
| 3 | Джумалиева Акылай | 6-ж класс | Жарым жетим |
| 4 | Темирбекова Альбина | 6-б класс | Жарым жетим |
| 5 | Абдырова Айсулуу | 6-б класс | Жарым жетим |
| 6 | Белашарова Ализа | 6-б класс | Жалгыз бой эне |
| 7 | Сагымбаева Бегимай | 7-а класс | Жарым жетим |
| 8 | Айдарбекова Аделина | 7-б класс | Жарым жетим |
| 9 | Муканбетова Арууке | 7-б класс | Жарым жетим |

## 3. Кирген, чыккан иш кагаздардын саны

Класс жетекчилер жана предметтик мугалимдер тарабынан түшкөн билдирүүлөр, окуучулардын жана ата-энелердин түшүнүк каттары, ошондой эле окуучулардын үйүнө барган учурда түзүлгөн актылар, мектеп ичинен чыккан билдирүү иш кагаздарынын саны такталып, убагында иштер алып барылды.

| № | Кайрылуу каттын түрлөрү | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Түшүнүк кат | 24 окуучу |
| 2 | Кайрылуу | 5 окуучу |
| 3 | Билдирүүлөр | 15 окуучу |
| 4 | АКТ | 23 окуучу |

## 4. 2023-2024- окуу жылында райондук балдар иштери боюнча комиссияга өткөрүлгөн окуучулар

| I чейрек | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **№** | **А.А.А** | **Классы** | **Себеби** | **Жыйынтыгы** |
| **1** | Майрамбекова Халима | 9-а | Сабакты көп калтыруу | Биздин мектепте көзөмөлдө калтырылган |
| **2** | Алиев Туратбай | 6-а | Тартип бузуу, насвай | КДДнын чечими менен ЦЗД га жайгаштырылган |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **3** | Муратбеков Умар | 2-в | Сабакты көп калтырган жана кароосуз калган | КДДнын чечими менен ЦАДга жайгаштырылган |
| | | **IV чейрек** | | |
| **4** | Женишбеков Элдин | 7-б | Тартип бузуу, мушташ | ИДНге билдирилип, КДДга чыгарылды |
| **5** | Жолдошбеков Адилет | 7-б | Тартип бузуу, мушташ | ИДНге билдирилип, КДДга чыгарылды |
| **6** | Аликов Эмир | 7-б | Тартип бузуу, мушташ | ИДНге билдирилип, КДДга чыгарылды |
| **7** | Назарбеков Улукбек | 7-б | Тартип бузуу, мушташ | ИДНге билдирилип, КДДга чыгарылды |
| **8** | | | | |

## 5. 2023-2024-окуу жылында мектеп ичинде көзөмөлдө турган окуучулар

| **№** | **А.А.А** | **Классы** | **Себеби** | **Жыйынтык** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Кадырбеков Ислам | 9-а | Тамеки менен кармалган | ИДНге билдирилип, протокол түзүлгөн. |
| **2** | Нуралиева Каныкей | 8-а | Сабакты көп калтырган | Ички көзөмөлдө, сабакка келип жатат |
| **3** | Жарашбеков Кайрат | 6-б | Конфликтик жагдай | Ички көзөмөлдөн чыгарылды |
| **4** | Малбашев Аман | 5-ж | Мушташ | № 79 мектепке которулган |
| **5** | Алимбетов Залкар | 9-ж | Сабакты көп калтырган, кечигет | Ички көзөмөлдө, сабакты калтырбай калды |
| **6** | Токсонбаев Тилекмат | 9-а | Тамеки менен кармалган, мугалимдер менен конфликтке барган. | Ички көзөмөлдө |
| **7** | Майрамбекова Халима | 9-а | Сабакты көп калтырат | ИДНге билдирилип, КДДга чыгарылган |
| **8** | Женишбеков Элдин | 7-б | Тартип бузуу, мушташ | ИДНге билдирилип, КДДга чыккан |
| **9** | Жолдошбеков Адилет | 7-б | Тартип бузуу | ИДНге билдирилип, КДДга чыккан |
| **10** | Аликов Эмир | 7-б | Тартип бузуу | ИДНге билдирилип, КДДга чыккан |
| **11** | Назарбеков Улукбек | 7-б | Тартип бузуу | ИДНге билдирилип, КДДга чыккан |

### 6. Окуучуларга мектеп тарабынан көрсөтүлгөн жардамдар

Социалдык жактан колдоо максатында турмуштук оор кырдаалга туш болгон жана аз камсыз үй-бүлөдөгү окуучуларыбызга кайрымдуу эжелер жана мугалимдер тарабынан жардам көрсөтүлдү. Анда окуучуларга 200дөн ашык бут кийим жана кийим кечелер таратылды.

Президент тарабынан уюштурулган жаңы жылдык балатыга 8-ж классынын окуучусу Бактыбекова Каныкей ошондой эле Бишкек шаардык Мэрия тарабынан уюшулган жаңы жылдык балатыга социалдык жактан муктаж болгон окуучуларыбызга 2 билет, ошону менен бирге айыл өкмөтү тарабынан 10 окуучуга жаңы жылдык белек тапшырылды. Жайкы мезгилде эс алуусун, ден соолугун чыңдоо жана алагды кылуу, жашы жете электердин арасында укук бузуулардын жана кароосуз калуунун алдын алуу максатында "Алтын Балалык" аталышындагы жайкы лагерге Ыссык- Көлгө 7-б классынын окуучусу Бактыбеков Арсенге жолдомо берилди.
















## 7. Мектеп ичинде өтүлгөн семинар-тренингдер, иш чаралар

Класс жетекчилер, уюштуруучулар, мектеп психологу, мед.персонал, Балдар иштери боюнча инспектору менен биргеликте уюшулган бир катар иш чаралар өткөрүлдү. Мында окуучулардын тартибин, ден соолугун, коопсуздугун жана жүрүм-турумун адын алуу максатында уюштурулду.

- **Жугуштуу оорулар жана эмдөө боюнча**




- **Спирт ичимдиктери, тамеки чегүү жана аптекалык наркомания, анын зыяндуулугу**





- **“Зордук зомбулуксуз жашоо!” аталыштагы семинар**





- **“Мы против кибербуллинга!” аталышта мектептин психологу менен биргеликте орус класстар үчүн лекция**





➢ **Жогорку класстар үчүн “ Профориентация для школьников” мектеп психологу менен биргеликте**






## 8. Окуучулар жана ата-энелерден алынган анкеталар

Ата-энелер менен окучуучулардын ортосундагы байланышты билүү жана мектеп ичинде зордук-зомбулукту алдын алуу максатында мектеп окуучуларынан жана ата-энелерден анкета - сурамжылоо алынды.


**“Баланын коопсуздугу” деген темада ата-энелерден онлайн анкета**



Сурамжылоонун 6-суроосуна ата-энелердин 72%ы “Ооба”, 23%ы “Кээде гана”, 4,3%ы “мага сырын айтпайт” деп жооп берсе, “убактым жок” деген суроого бир да ата-эне болгон жок. Мына ушундан улам ата-эне менен баланын ортосунда байланыштын бар экенин билсек болот.




Жаш өспүрүмдөр арасында аптекалык наркоманиянын жайылышы тууралуу ата-энелер арасында маалымат бар же жок экендигин билүү максатта сурамжылоонун 7-суроосуна ата-энелердин 66,1%ы билерин айтса, 12,8%ы бул тууралуу маалыматы жок экенин белгилесе, 19,1%ы маалыматты бүгүн уккандыгы тууралу белгилешти



| | |
|---|---|
| | Ал эми сурамжылоонун “окуучулардын мектептеги коопсуздугуна канаатанасызбы?” деген суроосуна 75,5%ы “Ооба”, 17%ы “айта албайм”, 8,5%ы “Жок” деген жоопторун берген.<br>Мына ушундан улам айрым ата-эне менен мектептин байланышы өтө жакын эместиги байкалды. Кийинки окуу жылы бул маселелреди колго алып, иш жүргүзүлөрүн эске алабыз. |
| Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер | Окуучулардын үйлөрүн кыдырууда, ижарага алынган батирде турган окуучуларды айрым учурларда табыш кыйынга турду. Себеби, белгиленген даректе жок болуп жатышты же көчүп кетишкен болду. Ата-энелер менен иш алып барууда, ата-энелер мыйзамдуу өкүл катары жоопкерчиликти сезе билбегендиги үчүн кыйынчылык жараткан учурлар болду. Андан тышкары окууга көңүлү жок, сабакка келбеген окуучулар менен иш жүргүзүлдү жана окуу процессине тартуу кыйынчылыктарды жаратты |
| Башкаруу чечимдери | Соц.педагогдун иш аркетинин тажрыйбасында жыйынтыктоо жана жетишкендик менен жана кемчиликтерди эске алуу менен кийинки жылга даярдык иштери болду. |

**2024-2025-окуу жылында социалдык педагогдун ишмердүүлүгүнүн максатына ылайык, төмөндөгүдөй милдеттенмелер коюлду:**


- Окуу процесинин бардык субьектилерине өз убагында социалдык-психологиялык колдоо көрсөтүү
- Үй бүлөдө жашоо шарты оор экендиги байкалган окуучуларга гуманитардык булактарды тартуу
- Тартип, эрежелерди, укук бузган, сабактан жетишпеген окуучулардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуу жана биргелешип иштөө
- Өзүнө-өзү ишенүү максатында окуучуларга мотивация берүү багытында трениг-семинарларды өткөрүү
- Мектептин ички көзөмөлүндө турган, “Риск” тобундагы, ИДНдин каттоосунда турган окуучуларга изилдөө, байкоо жүргүзүү жана коомго тартуу
- Мектеп администрациясы, класс жетекчилер, социалдык коргоо борборлору, Райондук балдарды коргоо борборлору, Жаштар өспүрүмдөр менен иштеген кызматкерлер менен иштешүү
- Тарбия усулдардын жаңы иштелмелери, анкета, тест алуу менен окуучулардын социалдык базасын толтуруу

## 6. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы мамлекеттик тил боюнча проблемалык-багыттоочу анализи

1. Мамлекеттик тил боюнча окуу-тарбия процессинин жыйынтыгы


**Кыргыз тили жана адабияты боюнча билим сапаты:**

| 2023-2024-окуу жылы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Класстар** | **Окутуу тили** | **Предмети** | **Билим сапаты %** | **Жетишүү %** | **ОҮД %** |
| 5-11-класс | Кыргыз | Кыргыз тили | 47 | 100 | 56 |
| 5-11-класс | Кыргыз | Кыргыз адабияты | 52 | 100 | 57 |
| 3-11-класс | Орус | Кыргыз тили | 56 | 100 | 59 |
| 5-11-класс | Орус | Кыргыз адабияты | 55 | 100 | 57 |




*2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгы менен билим сапаты төмөн болгон класстар 2024-2025-окуу жылында мектептин ички көзөмөлүнө алынат. Алар: 6-б, 7-а, 8-а, 8-б, 9-а класстар.*

**№97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы 9-11-класстардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясындагы кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча жыйынтыгы:**




**Окуу процессинин жыйынтыктары**

Жалпы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу – мектеп ишинин артыкчылыктуу милдеттеринин бири. Окуу натыйжалуулугунун жана билим сапатын көрсөткүчтөрүн талдоо байма-бай жүргүзүлүп турат. Ага ылайык 2023-2024-окуу жылында кыргыз тили

боюнча: билим сапаты 51,5%, жетишүү 100% түздү. Ал эми кыргыз адабияты сабагы боюнча: билим сапаты 53,5%, жетишүүсү 100% түздү.

**Конкурстар:**

| Район | Шаар | Республика |
|---|---|---|
| “Кыргыз тили жана Айтматов ааламы” аталышындагы үч айлыктын алкагында өткөрүлгөн “Дилгир” кароо-сынагында 1-орун (кыргыз тили жана адабияты мугалими Абдизаит уулу Жусуп)<br>21-февраль – эне тил күнүнө карата өткөрүлгөн “Тил – достуктун ачкычы” долбоор жактоо кароо-сынагында 3-орун<br>(9-б кластын окуучулары Авазбекова Назира, Бурканова Аруукe.<br>Даярдаган мугалими: кыргыз тили жана адабияты мугалими Абдизаит уулу Жусуп) | **-** | **-** |

**2. Педагогикалык курам (сандык жана сапаттык курамы)**

| **Мугалимдердин сапаттык курамы** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Мектеп №** | **Мугалимдердин саны** | **Пенсия жашындагы мугалимдер дин саны** | **Пенсия жашындагы директорлордун саны** | **Жаш адистердин саны** | **Гендер боюнча** | |
| | | | | | аял | эркек |
| №97 | 7 | 1 | - | 2 | 6 | 1 |

| № | Мугалим-дердин жалпы саны | Билими тууралуу маалымат | | | | | | Алардын ичинен | | | | Жашы боюнча маалымат | | | | | | Улуту | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жогорку | Бүтпөгөн жогорку | Атайын орто | Жалпы орто билим | Бакалавр | Магистр | КР эмгек сиңирген мугалим | КР эл агартуунун отличниктери | КРнын ББжИМдин грамотасы | Медаль ДАНК | 35 жашка чейин | 36 дан 40 жашка чейин | 41 ден 50 жашка чейин | 51 ден 57 жашка чейин | 58 ден 60 жашка чейин | 61 ден жогору | Кыргызы | |
| 97 | 7 | 4 | | - | - | 3 | - | - | - | 1 | - | 3 | 2 | 1 | 1 | | | 7 | |

| | |
|---|---|
| **Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер** | 1. Китепканада окуу китептеринин, мектеп программасынан сырткары адабий жана методикалык китеп, колдонмолордун аздыгы;<br>2. Окуучулардын жазуу, окуу сабаттуулугунун нормага дал келбеши жана анын билим сапатына түздөн-түз таасир этүүсү. |
| **Башкаруу чечимдери** | 1. Кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча окуу программасына ылайык келген окуу китептери, адабий китептер жана методикалык колдонмолор менен толукталган электрондук китепкананын колдонуу активдүүлүгүн арттыруу;<br>2. Жаш кадрларга методикалык колдоо максатында насаатчыларды дайындоо жана иш алып баруу. |

## 7. №97 жалпы орто билим берүү мектебинин 2023-2024-окуу жылындагы чарба иштери проблемалык-багыттоочу анализ

| | |
|---|---|
| **Материалдык – техника лык база** | **Материалдык-техникалык базага жана маалымат ресурстарына минималдуу талаптар**<br><br>Мектептин имараты 500 орундуу. Азыркы учурда мектепте 1045 окуучу окуп жаткандыгына байланыштуу окуу кабинеттеринин сыйымдуулугу боюнча көйгөйлөр байкалат.<br>Санитардык – гигиеналык эрежелерге, өрт коопсуздугунун талаптарына, эмгекти коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык эмгекти коргоо жана коопсуздук ыкмасынын талаптарына жооп берет. |

| | |
|---|---|
| | Башталгыч класста азыркы учурда окуучу билим алууда, окуучуларды тамактандыруу үчүн бардык зарыл жабдыктар менен жабдылган ашкана иш алып барат. Окуучулар атайы бекитилген график боюнча тамактанышат.<br>Окуучулардын ден соолугуна кам көрүү максатында мектепте атайын жабдылган медициналык бөлмөдө дарыгер, тиш дарылоо бөлмөсүндө стоматолог иштейт. Алар окуучуларга өз убагында тиешелүү кеңештерди берип, ата-энелер менен тыгыз иш алып барат.<br>Мектеп жетекчилиги тарабынан мугалимдердин заманбап сабактарын өтүүсүнө кам көрүлүп, техникалык жактан жабдуу аракеттер көрүлүүдө. 2023-2024-окуу жылында мектептин материалдык-техникалык базасы 2 интерактивдүү панель, 1 түстүү принтер, 1 ноутбук менен толукталды. Жалпысынан мектепте 2 интерактивдүү доска жана 1 телевизор, 32 компьютер ( анын ичинде 4 ноутбук), 4 принтер жана 3 түстүү принтер менен жабдылган. Мектепте бардык заманбап шарттары менен камсыздалган технология үчүн кабинеттери бар. Ошондой эле 1 лингафондук кабинет иш алып барат.<br>Мектепте интернет тармагы зымдуу “Saima Internet” интернет түйүнүнө кошулган. Мектептин жалпы аймагынын 70%ы интернет менен камсыз болгон.<br>2023-2024-окуу жылында мектептин айланасын жашылдандыруу боюнча “Роза Отунбаеванын демилгелер фонду” жана KICB банкынын көмөгү менен 60 даана кайың, кара жыгач ж.б. бак-дарактардын көчөттөрү отургузулду. Мындан тышкары мектептин айланасына воркаут куруу боюнча смета өткөрүлүп, бул боюнча иштер жүрүп жатат. |
| **Чечилбеген маселелер жана алардын аткарылышына тоскоол болгон себептер** | Мектептин материалдык –базасын лабораториялык жабдуулар менен (химия, физика, биология жана география) камсыздоо зарыл;<br><br>Мектептин интернет булагын каржылоо маселеси тиешелүү жактарга кайрылганга карабастан мамлекет тарабынан камсыздалбай келет;<br><br>Мектептин тегергинде тигилген жашылдандырууга суугат маселесин чечүү боюнча бир тиешелүү органдарга каттар жөнөтүлгөнүнө карабай чечилбей келет. |

| | |
|---|---|
| **Башкаруу чечимдери** | РБББ, ББДине жана тиешелүү жактарга кайрылуу каттар;<br>Демилгелүү демөөрчүлөрдү тартуу аркылуу чечүү; |

**ОТИ боюнча директордун орун басары:** А.Б.Ашырбеков